М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 08.24.697 диссертациялык кенешинин эксперитинин, экономика илимдеринин доктору, профессор Чолбаева Сагын Джумабековна тарабынан, изденүүчү Шаршеева Нурмира Каныбековнанын 08.00.10- финансы, акча жүгүртүү жана насыя адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн "Кыргызстандын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги" темасындагы диссертациялык ишине

## КОРУТУНДУ

Шаршеева Нурмира Каныбековна "Кыргызстандын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги" боюнча диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй корутундуга келди.

**1. Диссертациялык кенешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунушталган кандидаттык диссертация Д 08.24.697 диссертациялык кенештин профилине туура келет.

Изилдөө иште Кыргыз Республикасынын инвестициялык жагымдуулугунун азыркы абалы ар тараптуу изилденип, анын өнүгүүсүнө тоскоол болгон негизги факторлор системалуу түрдө талдоого алынган. Автор тарабынан укуктук жана административдик чөйрөдөгү көйгөйлөр аныкталып, алардын мамлекет тарабынан коюлган стратегиялык максаттардын жана милдеттердин ишке ашырылышына тийгизген таасири терең иликтенген.

Методологиялык жактан изилдөөдө мамлекет менен жеке ишкердик ортосундагы өнөктөштүк мамилелер парадигмасын колдонуу зарылдыгы белгиленип, бул ыкма инвестициялык климатты жакшыртууда жана ишкердик демилгелерди колдоодо негизги инструмент катары каралат. Автор белгилегендей, өнөктөштүк мамилелердин өнүгүшү бизнес менен

мамлекеттин кызыкчылыктарынын ортосундагы тең салмактуулукту сактоого өбөлгө түзүп, инвестициялык процесстердин туруктуулугун камсыз кылат.

Мындан тышкары, диссертацияда Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы инвестициялык долбоорлордун финансылык тобокелдиктерин баалоо ыкмалары боюнча мисал келтирилип, учурда колдонулуп жаткан ыкмалардын чектөөлөрү жана өнүктүрүү багыттары көрсөтүлгөн. Бул мисал аркылуу автор инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда жаңыча баалоо механизмдерин киргизүүнүн актуалдуулугун жана алардын өлкөнүн финансылык коопсуздугуна тийгизген оң таасирин негиздейт.

Жүргүзүлгөн илимий-аналитикалык талдоолор диссертациянын автордук сунуштарынын практикалык маанисин жана негиздүүлүгүн толук тастыктайт. Айрыкча, чет өлкөлүк инвестициялардын агымын оптималдуу жөнгө салуу жана алардын тармактык тең салмактуулугун камсыз кылуу зарылчылыгы баса белгиленет. Мындай ыкма мамлекеттин финансылык туруктуулугун сактоого жана мүмкүн болуучу инвестициялык тобокелдиктерди азайтууга өбөлгө түзөт.

Иштин практикалык жагынан алганда, изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттин экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун инновациялык финансылык инструменттерди (краудфандинг, краудинвестинг, инвестициялык салык каникулу жана инвестициялык салык насыясы) ишке киргизүүнүн практикалык натыйжалуулугунун маанилүүлүгүн айкын көрсөттү.

Изилдөөнүн жыйынтыктары учурдагы глобалдашуу шарттарында Кыргыз Республикасынын экономикасынын өсүшү үчүн чет өлкөлүк капиталдын маанилүү ролун аныктап берди. Бул илимий натыйжа толугу менен 08.00.10 – «финансы, акча жүгүртүү жана насыя» адистигинин паспортуна шайкеш келет.

**2. Диссертациялык иштин максаты** – Диссертациялык иштин максаты – Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун учурдагы абалын жана аны чектеген факторлорду комплекстүү изилдөө, инвестициялык

процесстерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун баалоо, ошондой эле глобалдашуу шарттарында чет өлкөлүк капиталды тартуунун инновациялык механизмдерине негизделген мамлекеттик саясатты өркүндөтүү боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу болуп эсептелет. Мындан тышкары, изилдөөнүн практикалык бөлүгүндө электрэнергетика тармагындагы Камбар-Ата ГЭС долбоорунун мисалында IPO механизми аркылуу инвестиция тартуунун мүмкүнчүлүктөрү жана божомолдорунун практикалык багыттары сунушталат.

Белгиленген максатка ылайык изилдөөнүн төмөнкү **милдеттери аныкталды**:

1. Чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу боюнча мамлекеттик саясатты калыптандыруунун теориялык ыкмаларын изилдөө жана кеңейтүү;
2. Чет өлкөлүк инвестицияларды тартууда мамлекеттин катышуу даражасын аныктаган институционалдык негиздерди жана ченемдик-укуктук актыларды талдоо;
3. Чет өлкөлүк инвестициялардын агымын баалоо, мониторинг жүргүзүү жана божомолдоо үчүн жаңы индикаторлор түзүмүн сунуштоо;
4. Инвестициялык саясаттын инструменттерин колдонуу натыйжалуулугун талдоо жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу процессине таасир этүүчү факторлорду аныктоо;
5. Кичи гидроэлектр станцияларынын инвестициялык потенциалын ачуу негизинде инвестициялык ишмердүүлүктү стимулдаштыруу механизмдерин негиздөө;
6. Экономиканын энергетика тармагынын көрсөткүчтөрүн математикалык моделдөө ыкмаларын колдонуу менен орто мөөнөттүү мезгилге инвестиция тартуунун стратегиясын иштеп чыгуу.

Коюлган милдеттер ырааттуу түрдө аныкталып, коюлган максаттын мазмунун толук ачып берет.

Диссертациялык изилдөөдө изилдөө объектиси максат жана милдеттер менен толук шайкеш экени белгиленди.

Алынган жыйынтыктарды талдоо жана негиздөө үчүн диссертацияда жалпы илимий жана өзгөчө изилдөө ыкмалары туура жана негиздүү колдонулган: салыштырма талдоо ыкмасы, эксперттик баалоо, жыйынтыктоо, монографиялык, тандоо, абстракттуу-логикалык, экономикалык-статистикалык жана эконометрикалык ыкмалар.

**3. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу** өлкө экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартууда чечүүчү роль ойногон факторлордун жыйындысы катары инвестициялык климаттын маанилүүлүгү менен аныкталат. Ал глобалдашуу процессинин багытына жана чакырыктарына карабастан, экономикалык өсүштү камсыз кылуучу негизги инструменттердин бири болуп саналат.

Ушул контекстте республикада инвестицияларды тартуу боюнча инновациялык ыкмаларды өркүндөтүү чаралары көрүлүп келет. Автор алардын ичинен эң маанилүүлөрүн белгилейт: Улуу Британия, Германия, Кытай, Казакстан, Түркия, Россия, АКШ, Швейцария, Түштүк Корея жана башка мамлекеттер менен 33төн ашык инвестицияларды коргоо жана колдоо боюнча эки тараптуу келишимдерге кол коюлган; дүйнөнүн 61 өлкөсүнүн туристтери үчүн 60 күнгө чейинки мөөнөткө визасыз режим киргизилген; чет өлкөлүк инвесторлор үчүн укуктук актыларга өзгөртүүлөр киргизилген учурда эң ыңгайлуу жөнгө салуу режимин тандап алуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү стабилдештирүү режими киргизилген ж.б.

Бирок ошол эле учурда, учурдагы дүйнөлүк экономикалык жана геосаясий кырдаалда бир катар кооптондурган факторлор да бар. Алардын ичинен негизгилеринин бири — чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу процессинде көз карандысыз мамлекеттердин көзөмөл функцияларынын дүйнөдөгү эң ири державаларга жана транс улуттук корпорацияларга ооп кетүү коркунучу. Тышкы факторлордун таасирин баалоодо автор дүйнөлүк инвестициялык процесстердин активдүү өнүгүүсү теңсиздиктин жана айрым өлкөлөрдүн, өзгөчө чектелген ресурстарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ өнүгүп жаткан мамлекеттердин, маргиналдашуусунун күчөшүнө алып келгенин белгилейт.

Ушуга байланыштуу автор чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу жаатында мамлекеттик жөнгө салуунун жана тең салмактуу саясат жүргүзүүнүн зарылдыгын өзгөчө баса белгилейт. Ошентип, инвестициялык климат менен макроэкономикалык туруктуулуктун өз ара байланышын комплекстүү изилдөө, анын ичинде үч эконометрикалык моделдин колдонулушу аркылуу жүргүзүлгөн анализ жана өкмөттүн инвестициялык саясатын глобалдык чакырыктар менен тенденцияларды эске алуу менен калыптандыруунун жаңы ыкмаларын негиздөө бул диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап турат.

**4. Илимий жыйынтыктар.**

Автор тарабынан изилдөөдө төмөнкү негизги илимий жыйынтыктар алынган жана коргоого коюлат, алар изилдөөнүн илимий жаңылыгын чагылдырат:

- Инвестициялык саясаттын экономикалык мазмуну жана анын механизмдери боюнча илимий-теориялык көз караштар изилденип, жыйынтыкталган жана өлкө экономикасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу максатында «краудинвестинг» жана «краудфандинг» сыяктуу жаңы механизмдерди колдонуу сунушталган;
- Теориялык жана методикалык булактарды системалуу изилдөөнүн негизинде экономикага чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу процессинде мамлекеттин катышуусун күчөтүү зарылдыгы, ошондой эле финансылык-кредиттик институттар аркылуу бизнес менен өнөктөштүк мамилелерди орнотуу багыты негизделген;
- Мурда колдонулуп келген финансылык жана салыктык механизмдер системалаштырылып, чет өлкөлүк инвестициялардын агымын балоо, мониторингдөө жана божомолдоо индикаторлорун сунуштоо жана «инвестициялык каникул » менен «инвестициялык салык насыясы» аттуу автордук механизм сунушталган;

- Мамлекеттин инвестициялык саясаты ар тараптуу талданып, электрэнергетика сыяктуу социалдык жактан маанилүү тармактын мисалында негизги көйгөйлөр аныкталып, аларды чечүү жана ишке ашыруу боюнча конкреттүү чаралар иштелип чыккан;
- Кичи гидроэлектростанцияларын өнүктүрүү, аларды чыңдоо жана модернизациялоо боюнча инвестициялык саясаттын инструменттерин тактоо жана өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген, мында тышкы факторлордун инвестиция агымына тийгизген таасири эске алынган;
- Математикалык моделдин негизинде 2030-жылга чейинки энергетика тармагынын негизги көрсөткүчтөрүнүн орто мөөнөттүү божомолу түзүлүп, мамлекеттин инвестициялык саясатын калыптандыруунун жаңы ыкмалары сунушталган.

5. **Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси** иштелип чыккан сунуштардын конкреттүү мүнөзү жана аларды мамлекттин экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда колдонуу мүмкүнчүлүгү менен аныкталат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттик органдардын мыйзам чыгаруу жана ченемдик ишмердүүлүгүндө, ошондой эле электр энергиясына тарифтик саясатты иштеп чыгуу боюнча максаттуу программаларды даярдоодо колдонулушу мүмкүн. Мындан тышкары, алынган материалдар жогорку окуу жайларында окутуу жана окуу-методикалык максаттар үчүн пайдаланууга ылайыктуу.

6. **Автореферраттын диссертация мазмунуна шайкештиги:**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толугу менен шайкеш келет.

7. **Эскертүүлөр**

1. Диссертациялык иште мыйзамдардын туруксуздугу жетиштүү деңгээлде ачылып берилген эмес. Бул көрүнүш мыйзамдардын ашыкча тез-тез өзгөртүлүшү же толукталышы, алардын натыйжасында инвестициялык долбоорлордун тобокелдиктеринин кескин жогорулашы, же болбосо

мыйзамдардын ички карама-каршылыктары түрүндө байкалат. Мындай жагдайлар инвестициялык келишимдерди түзүү процессинде ишканалар үчүн да, мамлекеттик кызматкерлер үчүн да мыйзамдарды колдонуу процессин татаалдаштырат.

2. Кыргыз Республикасы үчүн чет өлкөлүк инвестицияларды натыйжалуу пайдалануу экономикалык өнүгүүнү тездетүүнүн жана активдештирүүнүн маанилүү шарты болуп саналат. Чет өлкөлүк инвестициялар мамлекеттин экономикасынын инвестициялык муктаждыктарын каржылоонун негизги булагы катары чыгат. Ушуга байланыштуу изилдөөдө инвестициялык долбоорлор алкагында иш алып барган, экспортко багытталган атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүүчү биргелешкен ишканалардын ишмердүүлүгүн, алар аркылуу негизги өндүрүш фонддорун технологиялык жаңылоону, практикалык көндүмдөрдү, башкаруучулук чеберчиликти жана "ноу-хау" тажрыйбасын өнүктүрүүнү кошумча белгилеп кетүү мүмкүн болмок.

4. Чет өлкөлүк инвесторлор инвестиция салууда өлкөнүн мурдагы тажрыйбасына жана учурдагы шарттарына чоң маани беришет. Өзгөчө, салыктык механизмдер, Социалдык фондго төлөнүүчү камсыздандыруу салымдарынын түзүмү, экономикалык тармактары ортосундагы салык жүгүн тең бөлүштүрбөө, тартиптүү жана тартиптсиз салык төлөөчүлөр ортосундагы айырмачылыктар сыяктуу факторлор алардын инвестициялык чечим кабыл алуусуна терс таасирин тийгизет.

5. Негизги капиталды каржылоо булактары боюнча инвестиция агымдарын талдоодо ички инвестициялардын үлүшү тышкы инвестициялардан жогору экени көрсөтүлгөн, бирок бул абалга кайсы факторлор себеп болгону аргументтелген түрдө түшүндүрүлгөн эмес.

**8. Сунуштар:**

1. Текстти илимий иштерди оформилоо боюнча ГОСТ талаптарына шайкештигин текшерүү, таблицалардагы жана сүрөттөрдөгү булактарга

шилтемелерди «Диссертацияны аткаруу боюнча нускаманын» 2-тиркемесине ылайык келтирүү сунушталат.

2. Чет өлкөлүк инвестицияларды тартуудагы көйгөйлөрдү белгилөөдө дүйнөлүк экономикалык кырдаалдын жана геосаясий процесстердин инвестициялар агымына тийгизген таасирин так жана кеңири чагылдыруу зарыл.
3. Автордук сунуштарды так жана колдонууга багытталган формада берүү сунушталат: тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын экономикасы үчүн, айрыкча электрэнергетика тармагында иш алып баруучу ишканалардын ишмердүүлүгүндө кайсы финансылык механизмдер жана инвестициялык саясаттын стратегиялары эң натыйжалуу боло алаары көрсөтүлсүн.

**9. Сунуштамалар:**

1. Коргоого коюлган айрым жоболордун илимий жаңылыгын тактоо жана алардын автордук өзгөчөлүгүн толук ачып берүү сунушталат.
2. Кыргыз Республикасынын инвестициялык жагымдуулугун мындан ары өркүндөтүү максатында негизги факторлорду – ыңгайлуу геосаясий абалды, уникалдуу рекреациялык потенциалды жана башка артыкчылыктарды – так жана өз алдынча белгилеп көрсөтүү зарыл.
3. Изилдөө процессинде Роберт Кийосаки жана Шэрон Лектердин «Бай атанын инвестициялоо боюнча колдонмосу» аттуу китебиндеги идеяларды эске алуу сунушталат. Анда чет өлкөлүк инвестор үчүн эң маанилүү курал катары инвестицияны башкаруунун бардык элементтерин көзөмөлдөө зарылдыгы белгиленет. Бул ыкма инвестициялоочу өлкө үчүн да, инвесторлордун өздөрү үчүн да зарыл эмес тобокелдиктерди болтурбоого мүмкүндүк берет.

**10. Корутунду**

Диссертациялык изилдөөнүн темасы учурдагы мезгил үчүн абдан актуалдуу болуп эсептелет, ал эми сунушталган сунуштар мамлекеттик

инвестициялык саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессинде натыйжалуу колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык иш толук жана системалаштырылган илимий изилдөө болуп саналат жана белгиленген талаптарга так ылайык аткарылган. Изилдөөдө Кыргыз Республикасынын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу процессин мындан ары стимулдаштырууда маанилүү болгон теоретикалык жана практикалык жыйынтыктар жалпыланып, илимий негизде негизделген.

**11. Диссертациялык кенештин эксперти Шаршеева Нурмира Каныбековна тапшырган документтерди карап чыгып,**

М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетине жана Кыргызстан Эл аралык университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 08.24.697 диссертациялык кенешине, Шаршеева Нурмира Каныбековна 08.00.10- финансы, акча жүгүртүү жана насыя адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн “Кыргызстандын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу көйгөйлөрү жана келечеги” темасындагы диссертациялык ишин кабыл алып, коргоого сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
**экономика илимдеринин**
**доктору, профессор** **Чолбаева С.Дж.**

КАНЦЕЛЯРИЯ

Дк Ок Байтерекова Т.С

14.11.2018г.